Каралды

педагогикалык кеңешменин

№ 2 токтому

11 октябрь 2022 - жыл

БЕКИТЕМИН

Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин

директору Атаев Б.С.

# Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин тартип комиссиясы жөнүндөгү жобосу

**Жалпы жоболор**

**1. Тартип комиссиясынын макамы**

**1.1.** Тартип комиссиясынын курамы окуу жылынын башында 9 же 11 мугалимден куралат жана мектеп – лицейинин директорунун буйругу менен бекитилет.

**1.2.** Комиссиянын курамы окуу жылынын ичинде өз ишин аткарат жана бул курамга төмөнкү талаптарга жооп берген педагогдор кирет:

- жогорку педагогикалык билимге ээ;
- квалификациялык маалыматтарда жана кесиптик стандарттарда көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарга дал келген.

**2. Тартип комиссиясынын милдеттери:**

2.1. Мектептин Уставы, ички эмгек тартибинин эрежелери, ченемдик – укуктук актылар, милдеттик инструкциялардагы көрсөтмөлөрдү, мектеп администрацияларынын көрсөтмөлөрүн, окуу режимин ак ниеттүүлүк менен аткаруу;

2.2. Эмгек тартибин сактоо, жумушка өз убагында келүү, көрсөтмө берилген жумуш күнүн аягына чейин чыгуу, администрациянын койгон талаптарын так аткаруу;

2.3. Мектептин кызматкерлерине, ата – энелерге, окуучуларга дайыма сый менен жылуу мамиле кылуу, дайыма кыраакы болуу, санитардык – гигиеналык ченемдерди, эмгекти коргоо, коопсуздук эрежелерин, өрт коопсуздугун сактоо;

2.4. Мектептин администрациясы, жеке мугалим тарабынан түшкөн арыз, сунуштарды тартип комиссиясы отурумунда карайт жана администрацияга чечимин сунуштайт;

2.5. Педагогикалык этиканы сактоо.

**3. Тартип комиссиясынын укуктары:**

3.1. Мыйзамда аныкталган зарыл билими жана тийиштүү педагогикалык квалификациясы бар адамдар улутуна, жынысына, тилине, социалдык тегине жана туткан динине карабастан, педагогикалык иш жүргүзүүгө укуктуу.

3.2. Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келген жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун борбордук органы бекиткен окуу программаларын, окутуу формаларын жана усулдарын, окуу китептерин жана окуу куралдарын эркин тандап алууга;

Сканировано с CamScanner

3.3. Жаңы автордук программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгууга катышууга;

3.4. Новатордук усулдарды жана ыкмаларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий – педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны ишке ашырууга;

3.5. Педагогикалык иште новатордук усулдарды жана ыкмаларды түзгөндүгү жана жайылткандыгы үчүн сыйланууга;

3.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жекече педагогдук иш жүргүзүүгө;

3.7. Мугалим мектепти башкарууга катышууга укуктуу. Мугалимдин кызмат абалынын туруктуулугу ал мектепте билим берүү тутумун уюштуруу толук же жарым – жартылай өзгөртүлгөн учурда да кепилдикке алынат.

**4. Тартип комиссиясынын мугалимдин окутуу ишмердүүлүгүнө болгон көзөмөлү:**

4.1. Мугалим бош убактысында өзүнүн билимин , усулдук иштерин жогорулатып туруусу керек;

4.2. Администрациянын макулдугу жок жүгүртмөдөгү сабакты , кружок иштерин эрте бүтүрүү, окуу процессин өтпөй коюу, үзгүлтүккө учуратпоо үчүн администрацияга билдирүү, ордун алмаштыруу, кыскартуу, жокко чыгарууга жол берилбейт;

4.3. Мугалимдер сабакка кечигип кирбеши керек. Мугалимдер жумуш ордуна биринчи сабакка 15 мүнөт калганда келип окуучуларды күтүп туруусу зарыл;

4.4. Сабак учурунда мугалим класстагы окуучуларды таштап кеткенге же башка максаттагы иштер менен алектенбейт. Сабак учурунда мугалим ар бир окуучунун өмүрүнө, ден соолугуна, коопсуздугуна жооп берет.

4.5. Класстык журналды ар бир мугалим тема өтүлгөн күнү толтурушу керек, өз убагында журналды толтурбай коюу эмгек тартибин бузуу;

**5. Тартип комиссиясынын мугалимдин ишинин айрым түрлөрүнө чектөөлөрдү көзөмөлдөө**

- мектепте диний, атеисттик үгүт иштерин жүргүзүүгө;
- мектепте саясий топторду, партияларды уюштурууга;
- шовинистик, улутчул, милитаристик идеологияларды жайылтууга;
- окуучуларды иш таштоо кыймылына жана саясий акцияларга тартууга;
- окуучуларга зордук – зомбулук кылууга тыюу салынат.

**Х.Жээнбаев атындагы мектеп - лицейинин кезексиз жалпы педагогикалык жамаатынын отурумунун токтому**

11.10.22 Бостери айылы

Катышыты:

1. Мектеп – лицейинин директору Атаев Б.С.
2. Окуу завучу Мамбетбаев М.б.
3. Тарбия завучу Рысмендиев У.К.
4. Башталгыч класстарынын окуу завучу Исмаилова Н.Дж.
5. Мугалимдер жамааты

Сканировано с CamScanner

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин усулдук бирикмелерди жаңылап түзүү жана жетекчилерин бекитүү.
2. Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин мугалимдер жамаатында тартип, этика комиссиясын түзүү: төрагасын, мүчөлөрүн шайлоо жана бекитүү.

**Биринчи маселе** боюнча мектеп – лицейинин директору Атаев Б.С. сүйлөп өттү: "Саламатсыздарбы, бүгүнкү кезексиз чогулушта каралуучу маселелердин биринчиси, мектеп - лицейинин усулдук бирикмелерди жаңылап түзүү жана жетекчилерин бекитүү. Менин сунушум төмөндөгүдөй болмокчу:

**Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин усулдук бирикмелеринин 2022 – 2023 – окуу жылындагы курамы:**

1). Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде 11 мугалим – жет. Шабданова Н.Д.

2). Орус тили жана адабияты усулдук бирикмесинде 8 мугалим – жет. Жузупова Р.К.

3). Чет тилдер усулдук бирикмесинде 7 мугалим – жет. Кермалиева Г.Т.

4). Математикалык усулдук бирикмесинде 12 мугалим – жет. Турусбекова А.К.

5). Социалдык илимдер усулдук бирикмесинде 9 мугалим – жет. Акунова А.И.

6). Искусство, технология жана ден соолук маданияты усулдук бирикмесинде 10 мугалим – жет. Абдыжалыев Н.А.

7). Табигый усулдук бирикмесинде 10 мугалим - жет. Шамырканова Д.Д.

8). Башталгыч кыргыз класстардын усулдук бирикмесинде 10 мугалим – жет. Токтобаева Д.А.

9). Башталгыч орус класстардын усулдук бирикмесинде 10 мугалим – жет. Тезекова Г.К.

Жогоруда айтылгандай мектеп – лицейинде 9 усулдук бирикмелердин курамы түзүлүп жана жетекчилери бекитилди. Усулдук бирикмелердин жоболорун иштеп жана талкуулап чыгуу керек. Усулдук бирикмелерди мектеп – лицейинин завучу Мамбетбаев М.Б. жетектейт.

УБнин максаттарын, милдеттерин, укуктарын иштеп чыгуу жана талкуулап бекитүү. Ар бир айда эки жолу УБнин кеңешмесин өткөрүп, окуу жылынын планында каралган иш чараларды өткөрүү.

**Экинчи маселе** боюнча Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейинин башталгыч класстарынын окуу завучу Исмаилова Н.Дж. өз сөзүндө төмөндөгүлөргө токтолду: педагогикалык коллектив ичинде тартип, этика комиссиясы болуусу зарыл. Мугалимдер жамаатында тартип, этика комиссиясын түзүү: төрагасын, мүчөлөрүн шайлоо жана бекитүү.

Менин сунушум: Тартип, этика комиссиясы 11 мугалимден түзүлөт: төрагасы болуп тарбия завучу Рысмендиев У.К. Мүчөлөрү: профсоюз уюмунун төрайымы Молдоева Г.Б. жана усулдук бирикмелердин жетекчилери.

Сканировано с CamScanner